# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

*Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 1998-жылдын 20-январы ПЖ N 21*

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өнүктүрүү жөнүндө

*(КР Президентинин 1999-жылдын 23-ноябрындагы ПУ N 299, 2000-жылдын 20-сентябрындагы ПУ N 268, 2001-жылдын 31-январындагы ПУ N 46, 2004-жылдын 8-сентябрындагы ПЖ N 295, 2005-жылдын 6-июнундагы ПЖ N 221, 2006-жылдын 16-ноябрындагы ПЖ N 559, 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыктарынын редакцияларына ылайык)*

Мамлекеттик тилди андан ары өнүктүрүү жана аны мамлекеттин күндөлүк турмушунда колдонуу боюнча бирдиктүү саясатты жүргүзүү, мамлекеттик тил маселелери боюнча мамлекеттик жана коомдук уюмдардын ишин координациялоо максатында жана Кыргыз Республикасынын граждандарынын көп сандаган сунуштарын жана каалоолорун эске алуу менен токтом кылам:

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү концепциясы жактырылсын (тиркелет).

*2. (КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

*3. (КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

*4. (КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

*5. (КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

*6. (КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- бир айлык мөөнөттө "1998-жылга республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 1998-жылдын республикалык бюджетинде мамлекеттик тилдин муктаждыктарына жана аны өнүктүрүүгө бөлүнгөн каражаттарды Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондуна өткөрүп берүүнү караган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

- 1999-жылдан тартып мамлекеттик бюджет жөнүндөгү мыйзам долбоорлорунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасын ишке ашыруу үчүн каражаттарды карасын;

- эки айлык мөөнөттө ушул Указ менен бекитилген N 4 тиркемеге ылайык Улуттук комиссиянын алдындагы Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондун түзүүнүн уюштуруу-материалдык маселелерин чечсин;

8. Областтык жана райондук мамлекеттик администрация, Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчылары 1999-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттин долбоорлорунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн каражаттарды карасын.

9. Бул Указдын аткарылышына контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысына жүктөлсүн.

10. Указ кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**

3-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Президентинин
1998-жылдын 20-январындагы
N 21 Указы менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу**
**Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын**
**КУРАМЫ**

*(КР Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы ПЖ N 365*
*Жарлыгына ылайык*
*күчүн жоготту)*

4-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Президентинин
1998-жылдын 20-январындагы
N 21 Указы менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы**
**Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын алдында**
**түзүлүүчү Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондунун, башка**
**структуралардын кызматкерлерин**
**МАТЕРИАЛДЫК ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН КАМСЫЗ**
**КЫЛУУ**

Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын алдында түзүлүүчү Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондунун аткаруучу директору, башка структуралардын жетекчилери эмгек акысынын өлчөмү, социалдык-турмуш-тиричилик жана медициналык жактан камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратындагы структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилерине теңештирилет.

Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын алдында түзүлүүчү Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондунун, башка структуралардын кызматкерлери - Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын жооптуу кызматкерлерине теңештирилет.

2. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондуна Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Премьер-министринин Аппаратынын Иш башкармасындагы автоишканадан жеңил автомобиль бекитип берилет.